«КОЧКОРГО САПАР»

Сөзү: Жумагазиев Эрлан

Обону: Женгиз Мырзакулов

Эңсөөм күчөп, канбай кумарым,

Эске түшсөң эргийт кыялым.

Кереметиң жанды балкытат,

Кең Кочкорум, алтын турагым!

Айыктырган көңүл жаратын,

Азып келсем кубат, дабасың.

Сезимимди көккө күүлөнтүп,

Сен бергенсиң учар канатым!

Кайырма:

Апакемдей ыйык карааның,

Ачкам сенден өмүр барагын.

Кучак жайып тосчу, Кочкорум,

Кубакыдан ашып барайын.

Атакемдей ыйык карааның,

Алыс кетсем күчөйт санаа-муң.

Оттуу Мекен, эңсеп өзүңдү,

Орто-Токой бойлоп барамын!

Көздөн учуп ыйык карааның,

Көп көрбөсөм күйүп-жанамын.

Көз тийбесин көркөм жериме,

Көкүлүнө тумар тагайын.

Алтын уям – кара Кочкорум,

Айтса бүтпөс дастан окшодуң.

Кучагың жай, аруу койнуңдан,

Кубат алып, эргүү топтоюн!

Кайырма:

Апакемдей ыйык карааның,

Ачкам сенден өмүр барагын.

Кучак жайып тосчу, Кочкорум,

Кубакыдан ашып барайын!

Атакемдей ыйык карааның,

Алыс кетсем күчөйт санаа-муң!

Оттуу Мекен, эңсеп өзүңдү,

Орто-Токой бойлоп барамын.

Алдаяров Нурлан Замирович (Нурлан Алдаяров)